**Ленин районуна караштуу № 90 толук эмес орто мектебинин организаторунун 2020-2021-окуу жылындагы өткөрүлгөн иш чараларга аналитикалык справка .**

2020-2021- окуу жылында тарбиялык план мектептин максаттары жана милдеттеринин негизинде түзүлгөн. Бардык иш чаралар балдардын, ата-энелердин , класс жетекчилердин , мектептин администрациясынын тыгыз байланыштыруу менен өтүлдү. Баардык иш – чаралар ар бир окуучунун өзүн уюштура билүү көндүмдөрүнө, билим берүүчүлүк жана тарбиянын бир булагы катары калды. Бардык иш чаралар окуу - тарбиялык иштерин жогорулатуу максаттын көздөгөн жана ошондой эле өлкөдө кырдаалга байланыштуу окуучунун жана ата-энелер менен тыгыз байланышта болуу эң негизги максатыбыз болду. Аралыктан окуу формасы болсо дагы белгииленген иш-чаларга окуучулар активдүү катышып жатышты. Ар бир темада слайд-презентациялар жазалып окуучуларга жана ата-энелердин вотсапп группассына жөнөтүлүп турду.Андан тышкары мектептин инстаграмм жана фейсбук баракчалары менен бөлүшүп жаттык.

1. 1-сентябрь «Билим күнүнө »карата даярдыктарды көрүү болуп жана салтанаттуу линейка мектеп фоесинде уюштурулду. Ар бир окуучу маскасы жана антисептиги менен келди, кирип жатканда ар бир окуучунун температурасы текшерилип, аралыкты сактоо менен линейка өтүлдү. Онлайн линейка – зуум платформасы менен мектеп директору Кулушева Д.Ж окуучуларды 1- сентябрь билим күнү менен куттуктоо сөзүн айтты жана кыргыз тил мугалими Бекеева Т.С да куттуктап кетти .
2. Карантин мезгилинде , ата – энелерге кайрылуу жана ошол убакытта балага туура мамиле жасоо тууралуу маалыматты камтыган видеоролик жазалып ата –энелерге жиберилди. Ошол эле учурда мектеп баракчабызга да жүктөдүк.Министрлик сунуш кылган: КТРКнын «Баластан» (мектепке даярдоочу тайпалар, 1-4-класстар), ЭлТРдин «Илим жана билим» (5-11-класстар) телеканалдарында тартылып, эфирге чыкты жана 5-канал, Пирамида, Санат ТВ, Ынтымак ТВ ,андан сырткары ушул эле сабактар ютуб (you-tube) каналдарына, жана министрликтин атайын oku.edu.gov.kg. порталына жайгаштырылгандыгы тууралуу ата-энелер жана окуучуларга байма - бай маалымат жеткирип жаттык.
3. 23-сентябрь мамлекеттик тил күнүнө карата видеоролик жазалып, мектептин баракчаларына жайгашытырылды. Окуучулар активдүү катышып , ыр жаттап видеого тартышты. Бул менен кыргыз тилини н

баалуулугун арттырып , кыргыз тилине болгон сүйүүсүн жана кыргыз тилде сүйлөө канчалык маанилүү экендигин байкадык.

4. COVID-19 сыяктуу жугуштуу оорулар балдар өсүп жана жетилип келе жаткан чөйрөгө терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Үй-бүлөдө, достору арасында, күнүмдүк жашоодо жана коомчулуктун чөйрөсүндөгү терс таасирлер, балдардын сак-саламаттыгына, өсүшүнө жана коопсуздугуна терс кесепеттерди жаратышы мүмкүн. COVID-19, балдар жашап жаткан чөйрөгө бат эле өзгөртүү киргизиши мүмкүн. Муну алдын алуу максатында КОВИД темасында слайддар класстардын жана ата-энелердин группасына байма- бай жиберилип турду. Окуучулар КОРОНАвирус тууралуу челлендж уюштуруп видеоролик жазашты.
5. Мектептердин жабылышы жана көчөдө жүрүү тоскоолдуктары сыяктуу, карантинден улам жаралган чектөөлөр балдардын күнүмдүк жашоосуна бөгөт болуп, ата-энелерге үйдө калган балдарды карай турган шарттарды түзүү же жумуштан чыгуу түйшүктөрдү жаралды. COVID-19 илдетине байланыштуу стигма жана дискриминация балдарды кодулоого же психика-социалдык жактан жабырланууга алып келиши ыктымал. Оорунун жайылышына бөгөт коюуда, гендерге таандык муктаждыктарды жана айымдар менен кыздардын аярлуулугун эске албаган чаралар, аларды коргоодо айрым тобокелчиликтерди алып келип, түзүлгөн кырдаалга адаптация болууга тоскоолдук жаратат. Социалдык-экономикалык жактан аярлуу катмарга кирген же адамдар топтошуп жашаган жерлердеги балдар жана үй-бүлөлөр өзгөчө тобокелчиликке кирет.
   Ошондуктан окуучуларга “ МЕНИН МААН0АЙЫМ” темасында слайд-презентация жиберилди. Ата –энелерге “ Ата –эне менен окуучунунун жана мектептин байлашыны ” тууралуу слайд-презентация жазап жиберилди.
6. “ Карысы бардын ырысы бар ” карылар күнүнө карата видео ролик жазалып балдарга көрсөтүлдү. Балдар улуу адамдарды сыйлоого жана аларга аяр мамиле жасаоо маамилбүү экенин түшүнүштү.
7. 9-сентябрь комуз күнүнө карата слайд презентация жазалып , кыргыз элинин аспабынын тарыхын жана маамилүүлүгүн көрсөткөн слайд болду.
8. 1- декабрь бүткүл дүйнөлүк СПИД күнүнө карата слайд-презентация жазалып окуучуларга жөнөтүлдү.

9. 3-декабрь мүмкүнчүлүгү чектелгендердин күнүнө карата видео ролик жазалып , окуучуларга жиберилди. Балдар боорукер болууга жана баарыбыз бирдей экенибизге тарбияланышты.